Закиров А., Ысманжан кызы Б.

# МЕКТЕПКЕ ЧЕЙИНКИ БАЛДАРДЫ ҮЙ-БҮЛӨДӨГҮ МАМИЛЕНИН БААЛУУЛУКТАРЫНА КАРАТА ТАРБИЯЛООДОГУ СОЦИАЛДЫК ТОСКООЛДУКТАРДЫН ПСИХОЛОГИЯСЫ

Закиров А., Ысманжан кызы Б.

# ПСИХОЛОГИЯ СОЦИАЛЬНЫХ БАРЬЕРОВ В ВОСПИТАНИИ ДЕТЕЙ ДОШКОЛЬНОГО ВОЗРАСТА ПО ОТНОШЕНИЮ К ЦЕННОСТЯМ ВЗАИМООТНОШЕНИЙ В СЕМЬЕ

Zakirov A., Ysmanzhan kyzy B.

# PSYCHOLOGY OF SOCIAL BARRIERS IN THE UPBRINGING OF PRESCHOOL CHILDREN IN RELATION TO THE VALUES OF FAMILY RELATIONSHIPS

УДК: 159.922.7

Азыркы мезгидеги мектепке чейинки балдарды улуттук каада-салттын, үрп-адаттын, адеп-ахлактык маданияттында уюштурула турган үй-бүлөлүк мамиленин баалуулуктарына тарбиялоонун психологиялык-педагогикалык негиздери анализге алынды. Бул факторлор, балдардын инсандык сапатын калыптандыруунун теориялык маалыматтары, эксперименттик далилдөөдөгү шарттар менен, өз-ара дал келбегендигин психологияда далилдөөгө аракеттер жасалды. Мектепке чейинки балдарды улуттук каада-салттын негизинде тарбиялоо өз жемишин бере албай жаткандыгы, алар өздөрү дагы жаңы эмансипацияланган маданияттагы, ата салтында жашаган тарбиялардын дал келбей жатышы менен мүнөздөлүүдө. Үй-бүлөлүк каада-салт менен дал келбей, натыйжада ата-эне менен баланын өз ара мамилесинин баалуулугу жоголуп, салттуу эрежелер, каада-салттар, үй-бүлөлүк маданиятты тарбиялоонун башка векторун көрсөтүп жатат. Ошондуктан каада-салтты, үрп-адаттагы мамиленин баалуулугунда балдарга жакындан тарбия берип жатышкан ата-энеге, окутуучу-тарбиячылар эски менен жаңы маданияттын ортосундагы тоскоолдуктарга билгичтик менен мамиле жасап, жумуш алып баруу сунушталат.

Негизги сөздөр: психология, педагогика, үй-бүлө, салт-сана, үрп-адат, маданият, эмансипация, баалуулук, социалдашуу, тарбия.

Проанализированы психолого-педагогические основы воспитания современных дошкольников на ценностях семейных отношений, организованных в национальных традициях, обычаях и нравственной культуре. В психологии предпринимались попытки доказать, что эти факторы, теоретические данные формирования детской личности, не совпадают с условиями эксперимента. Оно характеризуется тем, что воспитание дошкольников на основе национальных обычаев и традиций не приносит плодов, а сами они живут в вновь эмансипированной культуре и живут традициями своих предков. Семья не совпадает с традицией, в результате теряется ценность детско-родительского взаимодействия, а традиция представляется правилами, традициями, семейной культурой как еще одним вектором воспитания. Поэтому родителям, учителям и педагогам, которые внимательно прививают детям ценность традиционных и привычных отношений, рекомендуется умело преодолевать препятствия между двумя культурами.

Ключевые слова: психология, педагогика, семья, традиция, обычаи, культура, эмансипация, ценности, социализация, воспитание.

The psychological and pedagogical foundations of educating modern preschoolers on the values of family relationships organized in national traditions, customs and moral culture are analyzed. In psychology, attempts have been made to prove that these factors, theoretical data for the formation of a child's personality, do not coincide with the experimental conditions. It is characterized by the fact that the education of preschool children on the basis of national customs and traditions does not bear fruit, and they themselves live in a newly emancipated culture and live by the traditions of their ancestors. The family does not coincide with tradition, as a result, the value of parent-child interaction is lost, and tradition is presented as rules, traditions, and family culture as another vector of education. Therefore, parents, teachers and educators who are careful to instill in children the value of traditional and customary relationships are encouraged to skillfully navigate the barriers between two cultures.

Key words: psychology, pedagogy, family, tradition, customs, culture, emancipation, values, socialization, education.

Киришүү. Үй-бүлө баланын психикалык жана инсандык өнүгүүсүндөгү эң маанилүү факторлордун бири экендигин психологиялык изилдөөлөр бир нече жолу тастыктаган. Балдарды тарбиялоо, тагыраагы, аларды социалдаштыруу процесси мектептен, жада калса мектепке чейинки балдар мекемесинде эмес, баланын жашоосунун алгачкы айларынан тарта үй-бүлөдө башталары талашсыз. Ошондуктан изилдөө мектепке чейинки балдарга карата жүргүзүлдү. Мектепке чейинки курактагы балдарды тарбиялоодо кетирилген каталар жана туура эмес эсептөөлөр орду толгус болуп чыгып, кийин антисоциалдык жүрүм-турумда, адаптацияда кыйынчылыктарды жаратып, алардын инсандыгын өнүктүрүүдө ар кандай тоскоолдуктарды жаратып келүүдө.

Баалуулук – мотивациялык үй-бүлө тарбиясы ата-эненин балдар менен болгон мамиленин терең эмоционалдуу, интимдик мүнөзү менен айырмаланып, үй-бүлөлүк ынактык жана өз ара сүйүү менен бекемделет. Үй-бүлөлүк мамилелердин бекемдиги жана туруктуулугу алардын туруктуу жана узакка созулушу, ар түрдүү турмуштук кырдаалдарда кайталанып турушу менен шартталат. Баланын ата-энеси менен болгон мамилеси инсандын бүткүл дүйнөгө болгон мамилесинин негизги принциби, негизи боло алат. Үй-бүлөдө балдарды күнүмдүк, чарбалык, тарбиялык иштерге системалуу түрдө тартуу үчүн объективдүү мүмкүнчүлүктөр бар экендигин төмөнкү психологдордун изилдөөлөрүндө чыгылдырып келет (С.В. Ковалев, Г.И. Колесникова, В.Н. Мясищев, Н.Н. Обозов, В.Я. Титаренко, Н.В. Федотова ж.б.). Ушул психологдордун илимий эмгектерине таяна турган болсок, тарбиянын таасири астында 5-6 жашында баланын негизги инсандык сапаттары калыптанат: анын эмоционалдык реакциясынын мүнөздүү стили бекемделет, мүнөздүн негиздери жана психологиялык жыныстын эң маанилүү көрсөткүчтөрү калыптанат. Мектепке чейинки курактын аягында башталгыч негизги билим бүтөт, бардыгы баладагы «жакшы» жана «жаман» катышынан көз каранды, анын пайызы баланын ата-энеси менен болгон мамилеси жана анын бул мамилелерден алган таасирлери менен аныкталат (Ю.Е. Алешина, В.И. Гарбузов, В.Н. Дружинин, М.С. Земска, С.В. Ковалев, В.П. Левкович, В.В. Столин, Е. Фромм, ж.б.).

Балдардагы 3-7 жаш курактагы психикалык кризистик учурлардын алкагында, үй-бүлөнү толук жана оптималдуу социалдаштыруу мезгили кыскарып, ата-эненин бийлигинин ролу алсырап, социалдык институт катары туруктуу ата-энелүү үй-бүлөнүн баалуулуктары бузулат. Натыйжада үй-бүлөнүн тарбиялык потенциалын жоготууга алып келет. Ошол эле учурда бир катар психологиялык эмгектерде, ата-энелердин терс таасиринин кесепети катары, баланын инсандык терс сапаттарынын – өжөрлүктүн, тынчсызданууунун, алдамчылыктын, агрессивдүүлүктүн пайда болушу жана өнүгүшү каралган. Мындай ата-эненин таасиринин кесепеттерин оңдоо жана баланын кийинки бүткүл жашоосун аныктоону кыйындатат. Анткени бул жаш курактагы балдардын инсандык калыптануу пайда болуп, бала коомдук талапка тескери мазмунда калыптана баштайт.

Ошондуктан учурдагы шартка жараша психологияда, баланын инсандыгынын калыптанышына таасир этүүчү фактор катары үй-бүлөнүн ролун ар башка багытты караган эки багыт пайда болот. Ала турган болсок, психологиялык изилдөөлөрдүн өзү, үй-бүлөнү оң таасир этүүчү фактор катары, М.С. Земска, М.И. Лисина, Т.А. Маркова ж.б. илимий эмгектеринде каралса, психотерапевттик изилдөөчүлөр – терс таасир этүүчү фактор катары К.О. Богданова, Е.Г. Эйдемиллер, В.В. Юстицкис, ж.б. изилдеп жатышат. Ушул теориялык концепцияларга таянуу менен биз изилдөөбүздү төмөнкү гипотезаны коюу менен изилдөөнүнү жүргүздүк.

1. Мектепке чейинки курактагы балдардын психикалык өнүгүүсү белгилүү бир деңгээлде, ата-эне менен баланын мамилесинин өзгөчөлүктөрү менен аныкталат. Эгерде мамилешүү баланын психикалык өнүгүүсүнө жагымсыз таасирин тийгизсе (ашыкча көзөмөл, ыраатсыздык, кызматташуунун жоктугу, ата-энелердин тынчсыздануусу ж.б.), ата-эне менен баланын мамилелери ата-энелер тарабынан белгиленген мамилелердин түрүнө жараша балага терс таасирин тийгизүүчү жалпы жана өзгөчө психологиялык мүнөздөмөлөргө ээ болушу;

2. Бала менен ата-эне мамилелери көбүнчө ата-энелер тарабынан үй-бүлөдө максаттуу же максатсыз, аң-сезимдүү же стихиялуу, тике же кыйыр ж.б. түзүүчү терс жана оң психологиялык шарттардын катышы менен аныкталат.

3. Мектепке чейинки курактагы балдардын үй-бүлөлөрүнө психологиялык жардамды дифференцияланган мамиленин негизинде уюштуруу, алардын психикалык өнүгүүсүнө ата-эне менен баланын мамилелеринин терс таасиринин спецификалык өзгөчөлүктөрүн эске алуу менен, аны тегиздей алат.

Ушул гипотезаны аныкташ үчүн изилдөөгө төмөнкүдөй милдеттерди койдук:

1) изилдөө проблемасы боюнча илимий адабияттарга системалуу теориялык талдоо жүргүзүү;

2) үй-бүлөдөгү ата-эне менен баланын мамилелерин изилдөө аркылуу мектепке чейинки балдардын психикалык өнүгүүсүнө терс таасир этүүчү жалпы жана конкреттүү социалдык-психологиялык факторлорду аныктоо;

3) ар кандай типтеги үй-бүлөлөрдөгү ата-эне-бала, бала-ата-эне мамилелеринин мүнөздүү психологиялык өзгөчөлүктөрүн аныктоо;

4) ата-эне менен баланын мамилелерин оптималдаштыруу аркылуу балдарга психологиялык жардам көрсөтүү программасын иштеп чыгуу жана сыноо;

5) калыптандыруучу эксперименттин программасын ишке ашыруунун натыйжалары боюнча балдардын психикалык өнүгүүсүнүн динамикасына байкоо жүргүзүү менен аларды түзөтүү багытындагы иш-чараларды уюштурууга жетишүү.

Талкуунун жыйынтыктары. Кыргыз маданиятына мүнөздүү руханий баалуулуктар менен, адеп-ахлактык принциптердин гармониялуу айкалышынын негизинде мектепке чейинки муундун арасында салттуу үй-бүлөлүк билим берүү баалуулуктарын калыптандыруу, бүгүнкү күндө мамлекет жана коом тарабынан белгиленген артыкчылыктуу багыттардын бири. Мектепке чейинки балдарда салттуу үй-бүлөлүк баалуулуктарды калыптандыруунун өзгөчөлүктөрүн аныктоо үчүн «салттуу үй-бүлөлүк баалуулуктар» түшүнүгүнүн мазмунун изилдөө зарыл. Ошондуктан биз, «үй-бүлө» терминининин өзгөчөлүктөрүн изилдөө багыттында бир катар психологдордун изилдөөлөрүнө маани бердик.

А.Н. Обозова [6] «үй-бүлө» түшүнүгүн төмөнкүчө мүнөздөйт: «Үй-бүлө – мүчөлөрү нике же туугандык мамилелер, жалпы жашоо жана өз ара адеп-ахлактык жоопкерчилик менен байланышкан, социалдык муктаждыгы аныкталган, чакан социалдык-психологиялык топ. Ал коомдук калктын физикалык жана руханий кайра өндүрүшүнө болгон муктаждыгы менен» И.Б. Дерманова [4] мүнөздөлөт деп түшүндүршөт. Ушул теорияларга таяна турган болсок, үй-бүлө балага социалдык-тарыхый тажрыйбаны берүүдөгү булак жана ортомчу звено, баарынан мурда адамдардын ортосундагы эмоционалдык жана ишкердик мамилелердин тажрыйбасы. Үй-бүлө баланы социалдаштыруунун эң маанилүү институту болгон, болуп келет жана боло берет.

О.С. Сермягина [7] «үй-бүлө чоң аталар, ата-бабалар жараткан адеп-ахлактык жана руханий үрп-адаттардын жана баалуулуктардын мураскери» деп белгилейт. Анын пикиринде, үй-бүлө руханий, диний, улуттук жана үй-бүлө салттарын баамдап, колдоп гана тим болбостон, муундан-муунга өткөрүп берүүгө да чакырылган. Изилдөөчү Ю.А. Алешина салттуу үй-бүлөлүк баалуулуктар системасын фольклордук материалдардын негизинде изилдеп, «үй-бүлө» терминининин этимологиялык аныктамаларынан төмөнкүдөй жыйынтык чыгарат: «Элдик аң-сезимде, үй-бүлө – бул белгилүү бир «эркин эмес» жашоо образы. Күйөөсүнүн, аялынын, алардын балдарынын жана башка үй чарба мүчөлөрүнүн жалпы аймагы» – деген [1]. Бул аныктамалардын негизинде үй-бүлө коомдун жана элдин маданий баалуулуктарынын алып жүрүүчүсү деген тыянак чыгарууга болот.

Адамдын бүткүл жашоосунда үй-бүлө институту, үй-бүлөдө бар болгон баалуулуктарды жана үй-бүлө түзүмүн (үй-бүлө жана никенин ата-баба баалуулуктары) ишке ашырган. Үй-бүлө куруу жана толук кандуу үй-бүлөнү түзүү – адам баласынын жашоосундагы табигый көрүнүш. «Үй-бүлө» терминин элдин маданий баалуулуктарынын алып жүрүүчүсү, социалдык институт катары түшүнүү «салт» термини менен тыгыз байланыштуу.

“Салттуу үй-бүлөлүк баалуулуктар" категориясынын маанилүү жана мазмундук маанисин кеңири изилдөө үчүн биз бул багыттагы изилдөөлөрдүн бир бөлүгү катары ар кандай илимпоздор тарабынан берилген үй-бүлөлүк баалуулуктардын классификациясын карап чыктык.

В.В. Бойко [2] орус фольклорун талдоосуна таянып, орус элинин төмөнкү негизги салттуу үй-бүлөлүк баалуулуктарын аныктайт. "Үй-бүлө" жана «непотизм» башкы баалуулуктар болуп саналат. Репродуктивдүү функцияда балдар өздөрүү дагы салттуу үй-бүлөлүк баалуулук болуп саналат; Экинчи, балдар үй-бүлөнүн негизги көрсөткүчү болсо; Үчүнчү үй-бүлөлүк баалуулукту туугандар жана балдарды курчаган чөйрөдүгү адамдар кирет. Кландык функция салттуу үй-бүлөлүк баалуулуктарды ишке ашырат. Ошондо турмуштук тажрыйба да салттуу үй-бүлөлүк баалуулук болот. Эмгектик активдүүлүк – салттуу жашоо образынын негизин түзөт ж.б. Эгерде психологиялык теорияларга таяна турган болсок, мектеп жашына жете элек балдардын социалдык жактан бузулушу – баланын коомдо кабыл алынган салттарга, нормаларга, эрежелерге, мыйзамдарга ылайык келбегендиги; девианттык жүрүм-турумда, жеке структуралардын (идеалдар, мамилелер, баалуулуктар) бурмаланышында; бала үчүн маанилүү болгон – адамдар менен коомдук байланыштарды жана мамилелерди үзүүдө; коомдук функцияларды аткаруу мүмкүнчүлүгүн чектөөдө; чөйрөнү тарытууда же балдардын социалдашуусу үчүн зарыл болгон жетектөөчү ишмердүүлүктүн интенсивдүүлүгүн начарлатууда – оюн, таанып-билүү, эмгек, баарлашууда көп байкалат.

Ушул теориялык маалыматтарга таянуу менен, азыркы учурдагы мектепке чейинки балдардын инсандык сапаттын калыптандырууда, ата-эненин үй-бүлөлүк мамилесине жараша кандай мативациялар жашап жаткандыгын изилдөө максатында төмөндөгүдөй изилдөөлөрдү жүргүздүк. Изилдөө Ош шарындагы "Чебурашка" бала бакчадагы 6-жашар 20 балага жүргүзүлдүү (10 уул бала, 10 кыз бала) жана 10 ата-эне (5 нормадагы үй-бүлө болсо, 5 үй-бүлөдөн ажырашкан) изилденүүчүлөргө жүргүзүлдү. Изилдөөдө аңгема формасында, суроо жооп иретинде болду. Суроо-жооп алдын ала түзүлгөн: ата-энеге карата болгон балдардагы эмоционалдык сезимдер, ата-эненин балдарга карата болгон мамилелери, үй-жумуштарга карата болгон суранычтарын канааттандыруу, үй-бүлөдөгү жылуулук сезимдерге (ата менен эненин ортосундагы мамилелер, үй-бүлөлүк чыр-чатактар, ата-эненин балдарга карата суроо-талаптары, балдардын укуктарын, милдеттерин, эркиндиктерине ж.б.) карата болгон мамилелердин балдардын көз карашы боюнча баалуулуктары жөнүндө маалымат бере турган өз ара сүйлөшүүлөр уюштурулса, ушул эле багытта ата-энелер менен жекече өткөрүлдү. Ошондо, изилдөөнүн көрсөткүчтөрү, мектеп жашына жете элек балдарда ата-эне менен болгон мамилешүүдөгү баалуулукту пайда кылуучу мотивациялар социалдык ыңгайсыздыгын жаратуучу төмөндөгү факторлордон байкалды:

- мектепке чейинки билимсиздик;
- үйдө жашабоо, кароосуздук;
-укук бузуулар;
-ата-энелердин, алкоголизм, наркомания, тамеки чегүүсүндөгү таасирлер;
-физикалык, нейропсихикалык ден соолугунун кескин начарлашы.

Үй-бүлөнүн социалдык ыңгайсыздыгы төмөнкү көйгөйлөр менен мүнөздөлдү:

-үй-бүлө мүчөлөрүнүн жарандык статусунун белгисиздиги;
-жакырчылык;
-жумушсуздук;
-канааттандырарлык эмес жашоо шарттары;
-ден соолуктун бузулушу;
-үй-бүлөнүн бузулушу;
-үй-бүлөнүн руханий жана моралдык деградациясы.

Ал эми ата-энелерден алынган маалыматтар, үй-бүлөнүн социалдык дезадаптациясынын негизги факторлоруна карата: үй-бүлө мүчөлөрүнүн жарандык абалынын белгисиздиги бойго жеткен же жашы жете элек адамдын жарандык абалын ырастоочу же мыйзамда белгиленген жеңилдиктерди жана жөлөк пулдарды алууга укук берүүчү документинин (паспорт, туулгандыгы тууралуу күбөлүк, пенсионердин күбөлүгү, майыптын күбөлүгү, жалпы билим берүү мекемесинде окугандыгы тууралуу күбөлүк, каттоо жана башкалар.). Эмгекке жарамдуу үй-бүлө мүчөлөрүнүн жумушка орношууга мүмкүнчүлүгү жок болгондуктан (эч кандай каттоосу жок болуусу) алар убактылуу иштеп тапкан акчасына канаттанууга аргасыз болушу. Жарандык абалдын так эместигинин негизги себептери болуп документтин жоголушу, бузулушу же өз убагында алынбагандыгы айтууга болот.

Төмөн киреше. Калктын жан башына орточо кирешеси жашоо минимумунан төмөн болушу (үй-бүлөнүн кирешеси тууралуу справка менен тастыкталды). Мектеп кызматкерлери менен болгон баарлашууда баланын ашканада тамак ичпегенин, начар кийингенин, окуу куралдары жок экенин билүүгө болот. Үй-бүлөнү камкордукка алууда же жашоо шартын текшерүүдө тамак-аш, кийим-кече, күйүүчү май жана эң керектүү буюмдардын жетишсиздиги катталат. Жакырчылыктын негизги себептери болуп аз акы төлөнүүчү жумуш, бир же бир нече үй-бүлө мүчөлөрүнүн жумушсуздугу, социалдык жөлөк пулдардын, пособиелердин, субсидиялардын формалдуу эместиги менен маалымдалат.

Жумушсуздук. Жашы жеткен эмгекке жарамдуу үй-бүлө мүчөлөрүнүн туруктуу киреше булагынын жоктугу (жумушсуз катары катталгандыгы жөнүндө күбөлүк менен ырасталган жана иш жүзүндө тастыкталган). Жумушсуздуктун себептери: жумушта кыскартуу, иштен бошотуу, атайын билиминин жоктугу, иш тажрыйбасынын жоктугу ж.б. Жогорудагы категориядагы үй-бүлөлөрдүн жалпы көрүнүшү анын бойго жеткен мүчөлөрүнүн жумушка орношууга мотивациясынын жоктугу, б.а. жумушка иштөөнү каалаганы менен, жумушка орношо албагандыгы менен байкалат.

Алкоголизм жана наркомания, ата-энелер спирт ичимдиктерин жана баңгизаттарды үзгүлтүксүз колдонууда; кардарлар наркологиялык клиникада катталуусу (медициналык маалымкат менен ырасталган). Эреже катары, мындай үй-бүлөлөрдө уруш-талаш, сөгүнүү, жагымсыз компаниянын чогулушу, уруш-талаш ж.б.у.с. Мындай үй-бүлөлөрдө балдар акыл-эси кем болуп чоңоюшат; аларда нерв системасы катуу жабыркап, акыл-эсинин артта калуу белгилери байкалат. Баңгичиликтин, наркоманиянын жана алкоголизмдин себеби тукум куучулук же социалдык (социалдык же психологиялык) факторлор болуп саналат. Ушул сыяктуу бир катар балдарды тарбиялоодо жетишпеген мотивациялык факторлор

аныкталды. Ошондо балдарда терс эмоционалдык жана психологиялык чөйрө пайда болуп, инсан катары калыптанууда артта калат. Анын себептери болуп төмөнкүлөр саналат:

-үй-бүлө мүчөлөрүнүн жеке психологиялык өзгөчөлүктөрү;

-чоңдордун педагогикалык компетенттүүлүгүнүн төмөн деңгээли;

-ата-энеден балага көңүл бурулбай калышы;

-жашоого болгон көз караштагы жана статустагы айырмачылыктар (күйөөсү жогорку билимдүү, ал эми аялынын башталгыч билими бар же тескерисинче) болушу;

-улуттук же диний негиздеги пикир келишпестиктер;

-конфликттерди конструктивдүү чече албай калуусу [3].

Ошентип, үй-бүлөлүк мамиленин маанилүүлүгүн социалдаштыруунун жетектөөчү институту катары таанып, биз жашы жете электердин үй-бүлөлүк дезадаптациясын төмөндөгүдөй аныктоого боло тургандыгын негиздедик: үй-бүлөнүн бузулушу – бул баланын «үй-бүлөдө өз ордун» таба албай калышы; жаш курагына байланыштуу өнүгүүнүн потенциалдуу мүмкүнчүлүктөрүн өркүндөтө албай калышы; өзүн-өзү адам катары таанып аны ишке ашыра албай калышы; өзүндөгү жөндөмдүүлүктөрүн оптималдуу түрдө ишке ашыра албай калышы, үй-бүлөлүк мамилелердин бузулушу менен мүнөздөлгөн абал менен түшүндүрүлөт [7].

Ыйгарымсыз (агрессиялык), үй-бүлөдө тарбияланган балдарда социалдашуунун бузулган шарттары болуп – үй-бүлө ичиндеги чыр-чатактын, ата-эненин белгисиз себептерге тынчсызданууларын, чоңдордун өнөкөт кыжырдануусунун патологиялык таасирин сезишкендиктен балада ашыкча психикалык кризистин болушун пайда кылат. Ошондо балдарда ден-соолуктун бузулушу, өнөкөт оорулардын болушу, ата-энесинин биринин эмгекке жарамсыздыгы, үй-бүлө мүчөлөрүнүн тез-тез же узак убакытка ооруп калышы (медициналык маалымкат же иш жүзүндөгү далилдер менен тастыкталган). Ден-соолук көйгөйлөрүнүн себеби – тубаса патология, майыптык, туура эмес тамактануу, аракечтик, канааттандырарлык эмес жашоо шарты ж.б. менен мүнөздөдү. Ошентип, кенже мектеп жашындагы баланын үй-бүлөлүк дезадаптациясы – бул анын экологиялык, социалдык-психологиялык дезадаптациясынын бир түрү, мында үй-бүлө ичиндеги чыр-чатактар менен байланышкан травматикалык окуялар жана ден-соолук, психологиялык өнүгүү жана жүрүм-турумдагы четтөөлөр биринчи кезекте үй-бүлөлүк мамилелер чөйрөсүндө көрүнүп, азыркы күнгө дейре жалпыланган эместигин психологдор белгилешет [7]. Аз дагы болсо, ата-эне менен кенже мектеп окуучуларынын мамилелешүүсүнүн баалуулуктарын көтөрүү багытында, балдардын инсандык сапаттарын көтөрүү үчүн, ата-энелердин ким болгонуна карабастан туруп бир катар тренингдерди, салттык, нормативдик эрежелерди, мыйзам ченемдерди калыптандыруучу окуу планын сунуштайбыз.

1-таблица

**Окуу сабактарынын планы**

| № | Тренингдин аталышы | Тренингдин мазмуну | Убактысы |
|---|---|---|---|
| 1. | «Бири-бири менен таанышуу", мотивациялык тренинги | Максаты: тренингдин катышуучулары менен таанышуу жана ишенимдүү мамилелерди түзүү мүмкүнчүлүгү.<br>Маселелердин бардыгы, ар тараптуу чагылдырылышы.<br>Лекция: Конфликттерди чечүү эмне үчүн керек.<br>Көнүгүү «Чынбы же жалганбы?», «Лабиринт» | 6 саат |
| 2. | Тренинг: «Интерактивдүү», лекциялык материал | Лекция: Конфликттерди чечүүнүн конструктивдүү жана деструктивдүү ыкмалары.<br>Көнүгүү: «Каалоолор» (иш топтор), «Бакыт баштыктары» (дан эгиндери менен иштөө). | 6 саат |
| 3. | Тренинг: «Чыр-чатакка реакция» | Көнүгүүлөр: «Мен сага белек бергим келет», «Телепатия», «Күзгү», «Даттануулардын девальвациясы». | 6 саат |
| 4. | Тренинг: «Текшерүүчү чыр-чатактар» | Конфликттик кырдаалдарды ойноо.<br>Көнүгүү: «Мен сенин ордуңдамын», «Муздак шорпо», «Мээримдүү көз караш». | 6 саат |

| | | | |
|---|---|---|---|
| 5. | Тренинг: Методдорду практикалоочу «Конструктивдүү талаш» | Көнүгүүлөр: «Трансформация», «Криптография», «Ал – эмоция». | 62 саат |
| 6. | «Жашыруун байланыштар» | Көнүгүүлөр: «Фокус», «Мен сени көрүп жатам», «Мен жөнүндө пикир». | 2 саат |
| | **Бардыгы:** | | 34 саат |

Корутунду. Ошентип, изилдөөнүн теориялык жана эксперименталдык фактыларына таянуу менен мектепке чейинки балдардын инсандык сапатын калыптандыруу, үй-бүлөлүк мамилесинин баалуулук каражатын, балдардын жаштык курактагы өзгөчөлүктөрүнө жараша пайдалана билүүдөн баштала тургандыгы байкалды. Бирок үй-бүлөлүк мамиленин жаралышы өзү дагы оң жана тескери мазмунга ээ болгондугу, макаланын теориялык бөлүктөрүндө негизделди. Балдарды тарбиялоодо ата-эне, балам жаман болсун дебейт, балдардын тескери мазмундагы инсандык сапаттардын калыптанып калышы үй-бүлөдөгү жубайлардын жашоодогу социалдык шартты, ар түрдүү деңгээлде жашап, ата-эненин балага жасаган мамилесин дагы тескери жакка буруп жиберип жаткандыгында.

Жогоруда айтылгандарды жыйынтыктап, изилдөөнүн максаттарына ылайык, биз төмөнкүлөргө жетиштик:

1. Үй-бүлөлүк чыр-чатакты чечүү көйгөйлөрүн теориялык жактан талдоого жетиштик;
2. Изилдөө проблемасын теориялык анализдөөнүн негизинде үй-бүлөлүк конфликттерди чечүүнүн психологиялык шарттарын аныктоо иштери жүргүзүлдү;
3. Үй-бүлөдөгү чыр-чатакты изилдөө ыкмаларын аныктоо такталды;
4. Жүргүзүлгөн ыкмалардын жыйынтыгы боюнча үй-бүлөдө балдарды тарбиялоонун эрежелери такталды;
5. Үй-бүлөлүк чыр-чатактарды чечүү үчүн шарттарды түзүү боюнча психологиялык-педагогикалык программа иштелип чыгарылды;
6. Үй-бүлөлүк мамиленин баалуулугун психология-педагогикалык бир катар критериялары такталды.
7. Изилдөөнүн жыйынтыгына карата коюлган «үй-бүлөлүк мамиленин баалуулуктарынын толук кандуу иштебей жатышы, улуттук маданият менен азыркы эменсипациядан маданияттын өз ара дал келбей жатышындагы психологиялык шарттардан көз каранды» деген гипотеза негиздүү жана далилденген болуп чыкты.

Адабияттар:

1. Алешина Ю.Е. Индивидуальное и семейное психологическое консультирование. М.: Класс, 2014. 202с.
2. Бойко В.В. Малодетная семья (социально-психологический аспект). М.: Мысль, 1988. 237 с.
3. Волкова А. Н. Социально-психологические факторы супружеской совместимости: дис... канд. психол. наук: 19.00.05. Л., 1979. 181 с.
4. Диагностика эмоционально-нравственного развития. Ред. и сост. И.Б. Дерманова. – СПб., 2002. С.142-146.
5. Нарицын Н. Н. Свадьба-развод и наоборот. М.: Махаон, 2001. 101 с.
6. Обозова А. Н. Психологические проблемы службы семьи и брака. // Вопросы психологии. 1984. № 3. С. 104-110.
7. Сермягина О.С. Социально-психологические предпосылки межличностной напряженности в семье: Дисс. . канд. психол. наук: 19.00.05. - Л., 1985. 230 с. 76.